**2025-жыл 3-февралда ОшМУда "Борбордук Азия спутниктен талдоо жана аралыктан зонддоо борбору” жана "Борбордук Азия критикалык минералдар инновациялык борбору"ачылды.**

Салтанатка окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков баштаган профессордук-окутуучулук курам, чет өлкөлөрдөн жана өлкө аймагынан келген окумуштуулар катышты.



Аталган жай спутниктик борбор катары Кыргызстанда алгач ирет ачылып жатат. Ал университеттин "Келечек муундун ХАБы" борборунун базасында орун алган. Борбор спутниктин негизинде маалыматтарды чогултуп, илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт. Учурда атайын заманбап жабдуулар менен толукталган. Мында эл аралык долбоорлор менен иштеп, инвестицияларды тартса болот. Ошондой эле илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө шарт бар.

Борбор келечекте Кыргызстанда ушул багытта адистерди даярдоо максатында ишке ашууда.



"*Ал аркылуу илимий кызматкерлер, окумуштуулар, PhD докторанттар жердин жөнөкөй кыртышынан тартып, бийик тоолуу аймактар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшөт. Бул изилдөөлөрдү жүргүзүүдө маалыматтар базасы менен иштөө актуалдуу болуп саналат. Борбор аркылуу илим изилдөөчүлөр спутниктен алынган маалыматтар базасын колдонуп, климаттык өзгөрүүлөрдү изилдеген илимий изилдөөлөрдү жүргүзө алышат*", *-деди Кудайберди Кожобеков.*

Долбоордун алкагында бир нече эл аралык базаларга кирүүгө уруксат алынган. Учурда Америка, Жапония, Кытай, Корея жана Европа өлкөлөрүнүн 25тен ашуун белгилүү спутник агенттиктери менен кызматташуу жүрүүдө. Ошондой эле аталган жай дүйнөлүк борборлор менен чогуу илимий иш-чараларды алып барат.




Борбор критикалык минералдарга илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, эл аралык уюмдар менен кызматташуу максатын көздөйт. Аны жүргүзүүдө спутниктик сандык маалыматтар да колдонулат.

Аталган жайда университеттин илим изилдөөчүлөрү, PhD доктoранттары изилөөлөрдү жүргүзө алат. Ал үчүн заманбап жабдуулар жана программалар менен камсыздалды. Борбор Азиядагы Америка университетинин профессору, эксперт Сагынбек Орунбаевдин пикиринде, борбор жалпы Кыргызстандын инвестициялык чөйрөсүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

*“Өлкө аймагында өзгөчө сейрек кездешкен минералдардын булактары арбын. Бул багытта илимий изидөөлөрдү алып барууга ОшМУда борбор ачылып жатат. Бул борбор эл аралык уюмдар менен иштөөгө, илимий изилдөө, чалгындоо иштерин алып барууда, башка эл аралык аралык өнөктөштөрдүн интеграцияланышына салым кошот”, -деди ал.*

Бул долбоор таза энергетикалык технологияларды өндүрүү үчүн Кыргызстандагы кендерди туруктуу казып алууга жана колдонууга көмөк

көрсөтүү максатында ишке ашууда. Ошондой эле кендердин геологиялык таралышын жана запастарын комплекстүү изилдейт.




Иш-чаранын алкагында спутниктик талдоо, ГИС, дистанттык зонддоо, агрономиялык, полеэкологиялык багыттагы илимий баяндамалар жасалды.

